## Мунай рыногу

**Мунай рыногундагы учурдагы абал**

2013-жылдын 18-февралынан 2013-жылдын 18-мартына чейинки мезгил ичинде мунай рыногуна мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө, негизги сортторго (Urals, Brent, WTI) баа, баррелине 90,1 - 118,6 АКШ доллар диапазонунда өзгөрүп турган.

Мунайга орточо баанын өзгөрүүсү:

| *Мезгилге карата орточо эсеп менен* | **Urals** | | **Brent** | | **WTI** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **баа,** *USD / баррель* | **өзгөрүү,** *өткөн мезгилге % менен* | **баа,** *USD / баррель* | **өзгөрүү,** *өткөн мезгилге % менен* | **баа,** *USD / баррель* | **өзгөрүү,** *өткөн мезгилге % менен* |
| 18.01.2013-18.02.2013 | 115,3 | 104,2 | 117,0 | 104,0 | 96,4 | 104,7 |
| 18.02.2013-18.03.2013 | 109,5 | 95,0 | 112,6 | 96,6 | 92,7 | 96,2 |

***Источник:*** *ИА «Блумберг»*




Мунай котировкаларына орточо баалар 2013-жылдын февралынан мартына чейинки мезгилде, февралдагы көбөүдөн кийин төмөндөп баштады.

Мунайга дүйнөлүк баа динамикасына кароого алынып жаткан мезгилдин баш жагынан тартып төмөнкүдөй негизги жагдайлар таасирин тийгизген:

- <u>*Кытай макростатистикасы.*</u> Кытай негизги макрокөрсөткөчтөрү боюнча маалыматтар төмөндөө тенденциясын белгилешкен. Өлкөнүн кайра иштетүү өнөр жайынын ишкердик жигердүүлүк индекси (PMI) отчеттук мезгилде төмөндөгөн. Индекстин төмөндөөсү кыймылсыз мүлк рыногун сезондук факторлор менен (Кытайда Жаңы жылды майрамдоо) басаңдатуу боюнча өкмөттүк чараларга шартталган.
- <u>*АКШнын бюджеттик чыгышымдардын кыскартуусу.*</u> АКШда бюджеттик чыгашалардын масштабуу кыскарышы башталган, анын алкагында мунайга баа төмөндөгөн. Эл аралык валюта фондунун пикири боюнча АКШ бюджетинин кыскарышы ири мунай керектөөчүгө 0,5 пайыз экономикалык өсүштү алып келет, ал эми мунайды керектөөгө таасири 2013-жылдын экинчи чейрегинде байкала баштайт. Чыгашаларды кыскартуу программасынын алкагында өтүп жаткан жылдын 2-мартынан тартып 1-октябрына чейин федералдык министрликтер жана башка

ведомстволор өз чыгашаларын 85 млрд. АКШ долларына кыскартууга мажбур болушат, мунун болжолдуу алганда жарымы (43 млрд АКШ доллары) аскердик муктаждыктарга, ал эми 11 млрд АКШ доллары медициналык камсыздандырууга туура келет .

- *Европадагы жагдай.* Улуубритания жана Италиядагы иштеп чыгуу секторундагы ишкердик жигердүүлүк индекси (PMI) кароого алынып жаткан мезгил ичинде төмөндөө менен мунай дүйнөлүк рыногунда баалардын төмөндөөсүнө таасирин тийгизген. Мунайга баа Италиядагы парламенттик шайлоонун жыйынтыгы боюнча анык эмес натыйжалар жарыялангандан кийин төмөндөгөн. Бир топ дагы парламентте иштеп турган көпчүлүктү түзүү үчүн жетиштүү добуш топтогон эмес.
- *Сауд Аравиясы.* Алгылыксыз динамиканын түптөлүшүнө мунай өндүрүүнү көбөйтүү жөнүндө билдирүү негиз болгон. Жалпыга маалымдоо каражаттарында белгиленгендей, Сауд Аравиясы – дүйнөдөгү эң ири мунай экспорту – Кытайдын суроо-талабын канааттандыруу жана башка өлкөлөрдүн экономикалык калыбына келишине көмөктөшүү максатында, өндүрүүнү 2013-жылдын 2-чейрегинде жогорулатууну пландаштырууда.
- *Ирандагы жагдай.* Иран ядердик программасы боюнча «Группа 5+1» форматында Алма-Ата шаарында өткөн сүйлөшүүлөр баа динамикасына оң жыйынтыгынын жок болуусу менен терс таасирин тийгизишти: «Brent» маркасынын котировкалары баррелине 112 АКШ доллары белгисинен төмөн түшкөн.

**Кыска жана орто перспективаларга прогноздор**

***ОПЭК***

ОПЭК, өзүнүн ар айлык баяндамасында мунайды дүйнөлүк керектөөнүн өсүшүн болжолдоону 2013-жылы суткасына 840 миң баррель өлчөмүндө сактап турган. ОПЕК анын катышуучулары тарабынан өндүрүлгөн мунайга суроо-талаптын болжолдоосун суткасына 70 миң баррелге, 29,71 млн. чейин төмөндөткөн. ОПЭК эксперттеринин пикири боюнча мунайды дүйнөлүк керектөөнүн өсүшү Евро аймактагы жана АКШдагы экономикалык тобокелдиктерден улам, 2013-жылдагы болжолдоодон төмөн болуп калышы мүмкүн.

***ЭЭА***

Эл аралык энергетика агенттигинин (ЭЭА) эксперттери алгылыксыз экономикалык өсүштү эске алуу менен 2013-жылы дүйнөлүк экономикада мунайды жана мунай заттарын керектөөнүн өсүшүнө өзүлөрүнүн болжолдоолорун кайрадан карап чыгышты. ЭЭА ар айлык баяндамасында өсүш болжолдоосун суткасына 20 миң баррелге 820 миңге чейин төмөндөткөн. Агенттиктин пикири боюнча орточо алганда бир сутка ичиндеги керектөө 90,6 млн. баррелди түзөт, бул мурдагы болжолдоодон 60 миң баррелге төмөн. ОПЕКте мунай өндүрүү февраль айында Ирактын эсебинен суткасына 150 миң баррелге 30,5 млнго чейин жогорулаган. Агенттик ОПЕКтин мунайга орточо алганда бир сутка ичиндеги суроо талабын бул жылы 29,7 млн. баррель өлчөмүндө баалаган.

ЭЭАнын пикири боюнча ОПЕКтен тышкары мунайды өндүрүү бул жылы суткасына 1,1 млн. баррелге 54,5 млн. чейин, Түндүк Америкада сланец мунайын өндүрүүнүн эсебинен жогорулайт.

ЭЭА аналитиктеринин пикири боюнча мунай рыногунда баланс акыркы айда өтө деле өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес, бирок Ливия менен Иракта өндүрүү жагында күтүүлөрдүн айрым төмөндөөсү, ошондой эле ОПЕКтин курамына кирбеген өлкөлөрдө өндүрүштө

пландаштырылбаган үзгүлтүктөрдүн санынын өсүшү жүргөн, бул рыноктун тартыштык жагына бир аз кескин өзгөргөндүгүн көрсөтүп турат.

***Казахстан***

Казакстан Республикасынын Мунай жана газ министрлигинин маалыматтары боюнча Казакстан Парламенти «Казакстан Республикасынын өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы мунай жана мунай заттарын Казакстан Республикасына берүү жагында соода-экономикалык кызматташуу жөнүндө келишимди ратификациялоо тууралу» мыйзам долбоорун жактырган. Келишимге ылайык, 2014-жылдын 1-январына чейин Россия Федерациясынан Казакстанга 6-7 млн. тонага чейин мунай алымсыз берилет. Көрсөтүлгөн мөөнөткө чейин Россия менен Казакстан ортосундагы мунайды өз ара берүүлөр алмашуу режиминде жүзөгө ашырылат. Казакстандын мунайды экспорттоо көлөмүн эске алганда, Россия тарап иш жүзүндө россия мунайы Бажы союзунун чегинен тышкары кайра экспорттолууда жана Россия Федерациясы 2,4 миллиард АКШ долларына жакынды кем алууда деп эсептейт. Россия бюджетинин бул жоготуусу Бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүүнүн алкагында Россия тарабынан кол коюлган келишимде каралган. Мындан тышкары, Казакстан тарабынан тунук мунайзаттары экспорттолууда, алар россия мунайынан иштетилет, мында Россия Федерациясынын бюджети дагы 500 миллион долларга жакынды жоготот. Россия тарап сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө жок дегенде ушу жоготуусун 2014-жылдын 1-январына чейин компенсациялоону суранган. Ошондуктан Казакстан Россияга 1,3-1,5 миллион тоннага жакын мунайды экспорттойт. Бул милдеттенме көрсөтүлгөн протоколдун ажырагыс бөлүгү болуп саналат, ал боюнча келишимдин 6-статьясына тиешелүү оңдоолор киргизилет.

Өлкөдө мунай заттарын чекене сатууга чектүү баа каралып, ага бааларды мамлекеттик жөнгө салуу белгиленген. Казакстан Республикасынын Кадимки монополияларды жөнгө салуу агенттигинин Төрагасынын 2013-жылдын 6-мартына ылайык, бензинге баа КНСти эске алганда төмөнкүчө:

- Аи-92 – 110 т/л;
- Аи-80 – 89 т/л;
- ДТ – 102 т/л.

«Казтрансойл» жетекчисинин сөзү боюнча 2013-жылы Казакстан жылына 20 млн. тоннага жеткирүү менен чийки заттарды берүүнү эки эсеге көбөйтүү үчүн Кытайга алынып кирүүчү экспорттук мунай өткөрмөлөрүн кеңейтүүнү пландаштырууда. Бажы союзу боюнча өнөктөштөрдөн болушкан Казакстан менен Россия энергоресурстарын өз ара берүү шарттары жагында бир пикирге келе албай жатышат, натыйжада Казакстан Кенкияк-Атырау аркылуу Кытайга мунай экспортун арттыра баштаган.

«Reuters» Маалымат агенттигинин маалыматы боюнча Казакстан, мунайдын калыбына келтирилген дүйнөлүк запастарынын 3 пайызы туура келгендерде, акыркы он жыл ичинде өндүрүүнү эки эсеге көбөйткөн. Өлкө кен казып алуу боюнча жаңы ишканаларды өнөр жайлык иштетүүгө киргизүү менен европа багытында экспорттук кубаттуулуктун жетишсиздигин башынан кечире баштаган жана углеводородду Кытайга ташуу көлөмүнүн олуттуу көбөйүүсү да ыктымал. Мурдагы СССРде Россиядан кийинки экинчи орунда турган мунай өндүрүүчү Казакстан 2013-жылы өткөн жылдагы 79,2 млнго

салыштырганда 82,0 млн. тонна мунай өндүрүүнү пландаштырууда.

***Орусия***

Россияда 2013-жылдын 11-мартына карата абал боюнча бензинге жана дизель отунуна карата чекене баалардын 2013-жылдын 25-февралына карата бааларга салыштырганда өзгөрүүсү боюнча баалары жана маалыматтар

| | **25.02.2013** | **11.03.2013** | **Өзгөрүү, % (+/-)** |
|---|---|---|---|
| | *баасы, орус рубли* | *баасы, орус рубли* | *өткөн каттоого карста* |
| **1.Автоунаа бензини** | **29,37** | **29,49** | **+0,4** |
| *анын ичинде*: | | | |
| АИ-80 маркасы | **26,82** | **26,93** | **+0,4** |
| АИ-92 маркасы | **28,48** | **28,56** | **+0,2** |
| АИ-95 маркасы жана андан жогору | **31,14** | **31,26** | **+0,4** |
| **2.Дизел отуну** | **31,52** | **31,50** | **-0,1** |

***Булагы:*** *РФ мамлекеттик статистикасынын федералдык кызматы*

РФ Мамлекеттик статистика боюнча Федералдык кызматынын 2013-жылдын 11-мартына карата абал боюнча маалыматтарына ылайык, бензинге орточо керектөө баалары 2013-жыл башынан бери 1,9 пайызга, ал эми дизель отунуна 2,2 пайызга көбөйгөн. Бензинге жана дизель отунуна баанын жогорулашын жыл башынан бери Россияда акциздин көбөйүүсүнүн таасиринин уланып жатышы, өткөн жылдагы дүйнөлүк котировкаларга баалардын өсүшү жана мунай иштетүүчү заводду ремонттоо мезгилинин башталышы менен түшүндүрүүгө болот. РФ Монополияга каршы федералдык кызматынын билдирүүсү боюнча өлкө ичиндеги мунай компаниялары чекене рынокто отунга бааны жарнама компаниялары аркылуу жасалма түрдө жогорулатып жиберишүүдө. РФ Монополияга каршы Федералдык кызматынын министринин пикири боюнча, дүйнөлүк рынокто баанын жогорулоосу, же болбосо салыктардын жогорулашына байланыштуу чечимдер гана баалардын өсүшүнө өбөлгө түзүшү мүмкүн. РФ Монополияга каршы Федералдык кызматынын болжолдоолору боюнча 2013-жылы бензинге баанын 13-14 пайызга өсүшү болжолдонууда.

«Reuters», маалымат агенттигинин маалыматтары боюнча Венесуэла Президентинин каза болушу жана жаңы шайлоолордон кийин өлкөнүн саясий курсунун алмашуу ыктымалдуулугу россия мунай өндүрүүчүлөр үчүн тобокелдик жаратышы мүмкүн. Венесуэла дүйнөдө мунайды экспорттоо боюнча 11-орунду ээлесе, АКШга берүүчүлөрдүн алдыңкы төртөөнүн катарына кирет, ал эми Кытайга берүүчүлөрдүн улам кыйла маанилүүсү катары таанылууда. 2011-жылы Венесуэла Сауд Аравияны артка таштоо менен дүйнөдөгү эң ири мунай запастарына ээ өлкө болуп калган. Венесуэлада төмөнкүдөй негизги долбоорлор иш жүргүзүшүүдө: Роснефть, Лукойл, Газпром, ТНК-ВР.

«Ведомости» басылмасынын маалыматтары боюнча Россия менен Белоруссия белорус мунай продукттарын 2013-жылга карата 3,3 млн. тонна көлөмүндө импорттоо тууралуу макулдашышкан. Россия Федерациясынын вице-премьеринин пресс-катчысынын сөзү боюнча Белоруссия Россияга жогорку октан бензинин жана дизелди россия мунайына алмашуу менен берип турмак болду.

«Reuters» маалымат агенттигинин маалыматы боюнча, Россия

Федерациясынын Мунайды кайра иштетүү заводуна жөнөтүлгөн баштапкы кайра иштетүү кубаттуулугунун көлөмү бир катар ири заводдордогу сезондук профилактикалык иштерге байданыштуу 2013-жылдын апрелинде 1,7 млн. тоннага көбөйүшү мүмкүн, бул ички рынокто отунга баанын өсүшүнө алып келет. Көпчүлүк заводдордо апрель ремонтторунун аякташы май айынын биринчи жарымына туура келет, ошондуктан кайра иштетүү завооддорундагы апрель айындагы жазгы иштер мунайга суроо-талаптын сезондук өсүшүн шарттайт.

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын билдирүүсү боюнча россия компаниялары автономиянын аймагында мунай өндүрүү боюнча долбоорлорго катышуу тууралуу сүйлөшүүлөрдү Курдистан өкмөтү менен жүргүзүшүүдө. Эксперттер белгилеп өткөндөй, Ирактын өзүнө караганда Курдистандагы иштөө шарттары мунай компаниялары үчүн кыйла ыңгайлуураак, анткени анда продукцияны бөлүштүрүү шарттары каралган.

***Кыргызстан***

Бензинге жана дизель отунуна 2013-жылдын февраль айына салыштырганда март айындагы[1] баалар жана чекене орточо баалардын өзгөрүүсү.

| Шаарлар | АИ-95 | | АИ-92 | | ДТ | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Баасы, сом менен** | **өзгөрү-шү, % (+/-)** | **Баасы, сом менен** | **өзгөрү-шү % (+/-)** | **Баасы, сом менен** | **өзгөрү-шү % (+/-)** |
| Бишкек | 41,40 | -0,13 | 38,36 | -0,82 | 39,53 | -0,15 |
| Каракол | 41,40 | - | 37,92 | -0,01 | 39,03 | -0,17 |
| Джалал-Абад | 43,90 | -0,08 | 40,87 | - | 41,87 | - |
| Нарын | 41,60 | - | 38,67 | - | 40,00 | - |
| Баткен | - | - | 41,55 | - | 43,25 | - |
| Ош | 42,70 | -0,12 | 40,27 | -0,15 | 41,27 | 0,26 |
| Талас | 41,40 | - | 37,33 | -0,12 | 36,72 | - |
| Токмок | 41,40 | - | 37,60 | -1,65 | 38,80 | -0,07 |
| Кара-Балта | - | - | 38,23 | -1,67 | 39,59 | 1,01 |
| Республика боюнча орточо | **41,82** | **-0,11** | **38,90** | **-0,61** | **40,03** | **-0,03** |

***Булак:****Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети.*
*«–» -товардын жок болушу*

Кыргызстанда (АИ-92 жана АИ-95) бензинге орточо баа 2012-жылдын декабрь айындагы бааларга салыштырганда 1,1 сомго жана 2013-жылдын февраль айындагы бааларга караганда ушул эле жылдын 18-мартына карата абал боюнча 24 тыйынга төмөндөгөн. Республика боюнча дизель отунуна баа февраль айындагы баага салыштырганда бир аз төмөндөө жагына өзгөргөн, ал эми өткөн жылдын декабрь айындагы бааларга салыштырганда өзгөргөн эмес.

Кыргызстан Мунайтрейдерлер ассоциациясынын президенти Ж. Акенеевдин сөзү боюнча, эгерде Кыргызстанда 1,0 пайыз өлчөмүндөгү пайдага салынуучу салык жокко чыгарылбаса, КММга баа жогорулап кетиши мүмкүн. Ал өз сөзүндө, салык чегерүүлөр көбөйүп кеткен шартта, мунай трейдерлеринде КММга бааны кескин жогорулатуудан башка арга калбайт, мындан эң оболу керектөөчүлөр жабыркашат деп баса белгилеп өттү. Салык кодексине киргизилген мына ушундай өзгөртүүлөрдөн улам, өлкөдөгү айрым авто май куючу жайлар (АЗС) жабыла баштаган, үч мунай трейдери Россиядан мунай импорттону

[1] 2013-жылдын 18-мартына карата абал боюнча бензинге карата орточо баалар

токтотушууда. Жазгы талаа иштери жакындап келаткандыгына байланыштуу бул маселени тез арада чечүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын Айыл-чарба министрлигинин пресс-кызматынын маалыматы боюнча мунай трейдерлер тарабынан Кыргызстанга жазгы талаа иштери үчүн 21,2 миң тонна дизель отуну алынып келинген, бул керектөөнүн 50,1 пайызын түзөт. Бардыгы болуп жазгы талаа иштери үчүн 41,2 миң тонна дизель отуну талап кылынат.

Кыргыз Республикасынын Айыл-чарба министрлигинин орун басарынын сөзү боюнча ведомство фермерлерди КММ менен камсыз кылуу схемасын карап чыккан. Анын айтымында, буга чейин фермерлерди жана айыл-чарба өндүрүүчүлөрүн КММ менен Мамматрезерв аркылуу жеңилдетилген баада мамлекет камсыз кылып келген, бирок отун көбүнчө өз дарегине жетпей калган, ошондуктан 2013-жылы КММ тизме жана айыл өкмөтү менен түзүлгөн тике келишимдер боюнча бөлүштүрүлөт.

**Жараталыш газ**

***Кыргызстан***

"Тазабек" маалымат агентигинин билдирүүсү боюнча, Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги жаратылыш газдын карызын төлөө максаты менен 14 млн. сом өткөздү.

"Кыргызгаз" ААКсынын маалыматы боюнча "Газпром" ААКсынын "Кыргызгаз" ААКсын менчиктештирүү процесси график боюнча өтүүдө жана болжолдуу түрдө отчеттук жылдын апрель айында аяктайт. Учурда өкмөт аралык келишимдин тексти боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлүүдө.

"Кыргызгаз" ААКсынын маалыматы боюнча Кыргызстан калкы март айында газдын бир кубу үчүн 14,81 сом төлөшөт. Анын маалыматтары боюнча түштүк аймагындагы керектөөчүлөр үчүн отундун бир кубометри үчүн 14,8 сом тариф белгиленген. Тариф ай сайын АКШ курсунун долларына жараша өзгөрүлүп турат. Өткөн айга салыштырганда наркы 7 тыйынга өскөн.

**Электроэнергия**

***Кыргызстан***

Бишкекте өткөн коргоо кеңешинде электрэнергетикасындагы утурумдук жагдай тууралуу маселе талкууга алынган. Алсак, Эсептөө палатасынын жетекчисинин сөзү боюнча энергокомпаниялардагы күндөлүк абалды электрэнергиясына контролдуктун жок болушу, сарптоолорду аныктоо инструментинин жоктугу менен мүнөздөөгө болот. Электрэнергиясын берүү жана бөлүштүрүү көптөгөн субьекттер тарабынан жүргүзүлөт жана мамлекеттик - жеке өнөктөштүк тууралуу маселени кароо зарылчылыгы да бар.

Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигинин билдирүүсү боюнча энергетикада эң ири инвестдолбоор болуп Датка—Кемин ЛЭП жана "Кемин" чакан станциясын куруу долбоору саналган. Долбоордун бюджети 389,8 млн. АКШ долларын түзөт, ал эми 500 кВ электрөткөргүч линиясынын узундугу 410 км түзөт. Жаңы электр өткөргүч линиялары Борбордук азия энергетика айлампасынан тышкары, Кыргызстан ичинде керектөөчүлөрдү энергия менен камсыз кылууга шарт түзөт.

2013-жылдын 18-мартына карата абал боюнча Токтогул суу сактагычында суунун көлөмү 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндеги 16,1 пайызга салыштырганда төмөндөө менен 11,5 млрд. кубометрди түзгөн.

***Баяндама:*** «24.kg» МА, «Reuters» МА, «РБК» МА, «Казахстан Сегодня» МА, «Тазабек» МА, «ЦентрАзия» МА, «КирТАГ» МА, «ИТАР-ТАСС МА, «REGNUM» МА маалыматтары боюнча даярдалган.

### **График 1:** Urals 01.01.2010 – 18.03.2013




### **График 2:** Brent 01.01.2010 – 18.03.2013




### **График 3:** WTI 01.01.2010 – 18.03.2013




### **График 4:** Urals 18.01.2013 – 18.03.2013




### **График 5:** Brent 18.01.2013 – 18.03.2013




### **График 6:** WTI 18.01.2013 – 18.03.2013

